**"Интернет эквайрингине туташып, Интернет-эквайринг аркылуу Сингапурга саякат утуп ал" акциясынын ЭРЕЖЕЛЕРИ**

1. **Глоссарий:**

**1.1. Интернет-эквайринг –** бул банк карталары менен Интернет аркылуу төлөөнү кабыл алууга мүмкүндүк берүүчү технология. Виртуалдык банк карталарын жана картаны алып жүрбөй эле электрондук капчыктарды колдонуучулар да интернет-эквайрингди колдоно алышат.

**1.1.** **Транзакция -** бул банк эсебиндеги акча каражаттарынын кыймылына байланыштуу операция.

**2.** **Жалпы жоболор**

**2.1.** Жүргүзүлүп жаткан жарнама Акция сүрөмөлөөчү лотерея болуп саналбайт жана Visa төлөм системасынын жардамы менен соода- тейлөө ишканалары (СТИ) үчүн Интернет-эквайринг кызматын колдонууга көмөк көрсөтүүгө багытталган.

**2.2.** Жеңүүчү ушул Эрежелерде көрсөтүлгөн шарттардын аткарылышына жараша аныкталат. Жеңүүчүнү аныктоодо туш келүү ыкмасы (жеңүүчүнү эркин тандай турган алгоритмди колдонуу) жокко эсе.

**2.3.** “Элдик Банк" ААК жана “Visa” компаниясы Акциянын уюштуруучулары болуп саналышат.

**3.** **Акциянын максаты:**

3.1. Visa төлөм системасы аркылуу Интернет-эквайринг кызматын туташтырууга жана колдонууга СТИнын кардарларын тартуу жана кызыктыруу.
3.2. «Элдик Банк» ААКда Интернет-эквайринг кызматы аркылуу төлөм карталары боюнча операциялардын көлөмүн көбөйтүү.

**4.** **Акцияны өткөрүү мезгил аралыгы**

**Акция 2025-жылдын 15-апрелинен тартып 2025-жылдын 1- ноябрына чейин өткөрүлөт.**

**5.** **Акциянын катышуучулары**

5.1. Акция мезгилинде "Элдик Банк" ААКтын Интернет-эквайринг тейлөө кызматына туташкан же аны пайдаланган юридикалык жактар жана жеке ишкерлер.

**6.** **Акцияга катышуу тартиби**

6.1. Акцияга катышуу үчүн Катышуучу Интернет-эквайринг кызматына туташууга же ага туташкан болууга, өзүнүн СТИ аркылуу транзакциялардын белгилүү санын топтоого тийиш.

6.2. Эсептөө үчүн Катышуучунун Кардарларынын карталары менен ишке ашырылган, ийгиликтүү болгон жана интернет-дүкөндөрүндө жокко чыгарылбаган нак эмес операциялар кабыл алынат.

6.3. Бир транзакциянын минималдуу суммасы 500 сомдон кем болбоого тийиш.

6.4. Төмөндөгү операциялар Акцияга катышуу үчүн эсептелбейт:

• билип туруп майдаланган суммалар, тактап айтканда, 30 мүнөттүн ичинде бир Кардардан бир карта боюнча бир нече (1ден ашык) транзакциялар. Майдаланган суммалар орун алган учурда бул транзакциялар 1 транзакция катары эске алынат.

• бир эле ошол Кардардын бир картасын колдонуу менен күнүнө 5тен ашык транзакцияларды жүргүзүү.

**7. Жеңүүчүлөрдү аныктоо шарттары:**

➢ Жеңүүчү транзакциялардын эң көп саны боюнча аныкталат – негизги этапта “Интернет-эквайринг” кызматын пайдалануу менен жүргүзүлгөн кеминде 200 (эки жүз) транзакция. Бүтүндөй Кыргыз Республикасы боюнча 1 (бир) жеңүүчү аныкталат.

**8. Кошумча шарттар:**

8.1. Акцияга Банк кызматкерлери жана алардын жакын туугандары (ата-энеси, жубайлары, балдары) катыша албайт;

8.2. Акцияга катышуу жана анын шарттары менен макулдашуу Катышуучунун ушул Эрежелердин 4, 5, 6, 7-пункттарын аткаруулары менен ырасталат.

8.3. Акциянын жеңүүчүсү Акцияга кеминде 5 (беш) катышуучу катышса аныкталышы мүмкүн.

8.4. Акцияга төмөнкүдөй сервистер катыша албайт: онлайн-казино, букмекердик компаниялар, онлайн-ставкалар ж.б.

8.5. Байгелерди алууга байланыштуу транспорттук жана башка чыгымдарды жеңүүчүлөр өздөрү көтөрүшөт.

8.6. Байгелерди алуу менен байланышкан салык чегерүүлөрүн Акциянын Уюштуруучусу өзү аткарат.

**9. Жеңүүчүлөрдү аныктоонун жыйынтыктары:**

9.1. Жеңүүчүнү аныктоо үчүн комиссия түзүлөт, комиссиянын мүчөлөрүнүн курамын Банк Башкармасынын Төрагасынын орун басары бекитет.

9.2. Акциянын жеңүүчүлөрүнүн курамы Комиссиянын отурумунун протоколу менен бекитилет.

9.3. Комиссия төмөндөгүдөй чечимдердин бирин бир тараптуу тартипте кабыл ала алат:

- Акциянын шарттарына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү;
- Бүтүндөй Банк боюнча кандайдыр бир жагдайлар же конкреттүү материалдар боюнча Акциянын аракетин белгилүү бир мөөнөткө токтото турууга же токтотуп коюга.

9.4. Акциянын башкы жеңүүчүлөрү жөнүндө маалымат Банктын www.eldik.kg веб-сайтында жайгаштырылат.

9.5. Банк жеңүүчүлөргө жеңүүчү аныкталган учурдан тартып 10 күндүн ичинде Акциянын жыйынтыктары жана байге тапшыруу аземи боло турган күн тууралуу телефон аркылуу маалымдайт.

9.6. Байланышуу үчүн маалыматтардын берилиши жана берилген маалыматтардын аныктыгы үчүн жоопкерчиликти Акциянын катышуучусу өзү тартат.

9.7. Банк жеңүүчүнү убагында кабарлоого жолтоо болгон туура эмес көрсөтүлгөн реквизиттер, мобилдик жана стационардык байланыш операторлорунун торчосундагы кайсы болбосун мүчүлүштүктөр үчүн жооптуу болбойт.

9.8. Акцияда жеңүүчү болгондугу тууралуу кабарлоо Жеңүүчүнүн өзүнүн айынан мүмкүн болбогон, ошондой эле Акциянын жыйынтыгы тууралуу жеңүүчүгө маалымат берилген жана Банктын сайтына жыйынтык жайгаштырылган күндөн тартып 30 календардык күндүн ичинде жеңүүчү өзү келбеген болсо, бул Акциянын жеңүүчүсү катары Акциянын кийинки катышуучусу таанылат.

9.9. Акциянын шарттарына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү же Акциянын аракеттенүүсүн токтотуу тууралуу чечим кабыл алынган учурда, Акциянын катышуучулары бул тууралуу Банктын корпоративдик сайтына жайгаштырылган жарыя аркылуу кабардар болушат www.eldik.kg.

**10. Байгелерди алуунун шарттары:**

10.1. Байгелер Банктын бөлүмдөрүндө байгелерди тапшыруу салтанатында тапшырылат.

10.2. Комиссия тарабынан Акциянын жыйынтыктары тууралуу кабыл алган чечими бардык Катышуучулар үчүн акыркы болуп саналат жана даттанууга тиешелүү болбойт.

10.3. Бул Эрежелер жана аларга карата өзгөртүүлөр аларды бекиткен учурдан тартып күчүнө кирет.

10.4. Бул Эрежелер, ошондой эле аларга карата өзгөртүүлөр Банктын www.eldik.kgсайтына жайгаштырылат.